**Нарын районундагы Казаалы Абиров атындагы орто мектебинде**

**өткөн жалпы айыл элинин чогулушунун**

# ПРОТОКОЛУ

15-ноябрь 2018-жыл

Чогулушка катышкандардын саны - 37

Чогулуштун жетекчилери:

Нарын районунун акиминин орун басары: Р.Жумаева

Соц. фонддун адиси: Кашкаров. Т

Соц.коргоо башкармалыгынын адиси: Жамбоев.И

Рай.администрациянын адиси: Байтокова.Э

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

**1.Дин маселеси.**

**2.Зордук-зомбулукту, кылмыштуулукту алдын алуу**

**Чогулуштун жүрүшү:**

Нарын районун акиминин орун басары Р. Жумаева сөз сүйлөп, азыркы учурда коомдо болуп жаткан жагымсыз көрүнүштөр, дин, диндин коомго тийгизген таасири тууралуу маалымат берди. «Азыркы учурда коомдо адам оюна келбей турган кылмыштар болууда. Адам сатуу, жаш балдарды зордуктоо сыяктуу. Бул эмне себептен улам келип чыгат. Кайдыгерликтен,сабатсыздыктан. Балдарга деги эле айланабыздагы адамдарга мугалимдер, ата-энелер туура маалымат берсеңиздер. Имам шаардан келет экен,айылдын имамдары айылдагы таасирдүү адамдын бири. Өзү дин жагынан сабаттуу болуп, айыл элине дин жагынан, адептүүлүк, ыймандуулук жагынан өзү үлгү болуп, элге туура маалымат берүүсү керек. Азыркы учурда болуп жаткан кайдыгерликтен улам чыккан кылмыштарды алдын алуу үчүн дин жаатынан билимдүү болуңуздар. Кайдыгер болбоңуздар, бири-бириңиздерге жардам берип, коомдун өнүгүүсүнө салым кошуңуздар.Ооруган адмдарды бөлбөй, жардам берип коомго тартыңыздар.Турмуштун оңолуусу байкалууда. Өнүгүүнүн үстүндө аракет кылуудабыз. Бүгүнкү да айыл жерине келип мындай жолугушууларды уюштурубуздун максаты: айыл эли менен жакын баарлашуу, кызыктырган суроолоруна адистерден жооп алуу, көйгөйү болсо жеринде чечүү болуп саналат. Кызыктырган суроолоруңуздар болсо бериңиздер, көйгөйдү бирге чечебиз» Мектептин курулушу да быйылкы жылдын эсебинин бюджетке киргендиги тууралуу маалымат берип өттү.

Айыл элин кызыктырган суроолорго да тиешелүү адистерден жооптор алынды.

## Токтом кылынды:

1. Мектеп окуучуларына айыл элине зордук-зомбулук иштерин алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
2. Айыл элинин суроолоруна жооптор тиешелүү мекемелерден алынып, жооптор берилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Мектеп директору: Осмонов.С

Катчы: Жунусова,А